**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**АКСЫ РАЙОНУ**
**КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АКСЫЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КОШ-ДОБОЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

2026-жылдын ___-февралы №1/ Кош-Дөбө айылы

**Кош-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин 9-чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясы**

## ТОКТОМ

Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата киреше жана чыгаша бюджетин, айыл өкмөттүн ФЭБ башчысы К.Муратбековдун маалыматын жана Экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 29-январындагы №1 корутундусун угуп жана талкуулап чыгып айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин көлөмү өздүк киреше 18307,7 (он сегиз миллион үч жүз жети миң жети жүз) сом, теңдөөчү трансферт 7298,2 (жети миллион эки жүз токсон сегиз миң эки жүз )сом, жайыт жерлеринин ижарасынан түшүүчү 455,0 (төрт жүз элүү беш миң ) сом, дыйкан базардын жыйымынан 550,0(беш жүз элүү миң) сом атайын каражаттан ата-энелер төлөмү 6500,0(алты миллион беш жуз миң)сом, сумма кошулуп жалпысы 33490,9 (отуз үч миллион төрт жүз токсон миң тогуз жүз) сом менен №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жайыт жерлеринин ижарасынан түшүүчү 455,0 (төрт жүз элүү беш миң ) сом Кыргыз Республикасынын Президентинин №370 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 токтомуна негиз 303,3(үч жүз үч миң үч жүз) сом, жайыт инфраструктурасын жакшыртуу максатында “Кош-Дөбө Тазалык” муниципалдык иш канасына ал эми калган 151,7 (бир жүз элүү бир миң жети жүз) сом айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгүнө которуп берүү үчүн 704-бөлүмүнүн 2215-беренесине чегерилиши менен бекитилсин.
3. Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджети өздүк бекитилген киреше жана трансферттердин көлөмүнө ылайык бекитилсин.
4. Республикалык бюджеттен, жергиликтүү бюджетке 2025-жылга берилүүчү теңдөөчү трансферт “Кыргыз Республикасынын бюджет жөнүндөгү” мыйзамынын 6-беренесине негиз биринчи кезекте коргоого алынган беренелерге, коммуналдык чыгымдарга, калган сумма башка керектелүүчү беренелерге жумшалаары белгиленсин.
5. Айыл Өкмөтүнүн бюджетин үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында өздүк кирешелердин салык жана салык эмес төлөмдөрдүн белгиленген пландарынын ар-бир түрлөрү боюнча аткарууну салык боюнча адисине милдеттендирилсин.

6. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине негиз жалпы жылдык бюджеттин чыгымдарынын көлөмдөрүнүн 2 пайызга чейинки же болбосо 250,0 сом өлчөмүндө айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу болуп түзүлсүн жана ушул берененин 3-пунктуна негиз жумшалсын.
7. Өзгөчө кырдаалдар жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу иш-чараларга 200,0 (эки жүз миң) сом бекитилсин.
8. 2026-жыл ичиндеги бюджеттин киреше жана чыгашы бөлүктөрүндөгү акча каражаттарын тиешелүү тармактар жана бөлүмдөр, беренелер боюнча жайгаштырылышы №2-тиркемеге ылайык бекитилсин, максаттуу чыгымдоосун көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
9. Жогорудагы аныкталган жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча ар кварталында маалымат берип туруу жагы финансы экономика бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
10. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын киреше бөлүгүнөн 2026-жылга калган 3105,0 (үч миллион бир жүз беш миң) сом калдык акча каражаты №3- тиркемеге ылайык бөлүштүрүлсүн жана айыл өкмөттүн аймагындагы муктаждыктарга жараша 2221,2222,3111 беренелерине жылдырууга макулдук берилсин.
11. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын киреше бөлүгүнөн 2026-жылга калган 628,5 (алты жүз жыйырма сегиз миң беш жүз) сом атайын каражаттан калдык акча каражаты айыл өкмөттүн аймагындагы муктаждыктарга жараша 2215,2221,2222,3111,3112 беренелерине отургузууга макулдук берилсин.
12. Айыл өкмөт боюнча ата-энелердин төлөмдөрүнөн калган калдык 22627 (жыйырма эки миң алты жүз жыйырма жети) сом акча каражаты, ошондой эле 2025-жылдын эсебинен 180112 (бир жүз сексен миң бир жүз он эки миң) сом Кербен шаарынын эсептик счетуна туура эмес которулуп кеткен акча каражаты айыл өкмөттүн эсептик счетуна түшүрүлсүн. Жалпы суумма 202739 (эки жүз эки миң жети жүз отуз тогуз) сом акча каражатына ата-энелердин макулдугу менен балдардын уктоочу бөлмөсүнө төшөкө каптоочу ак сатып алууга макулдук берилсин.
13. Токтом айыл өкмөттүн веб-сайтына жарыялансын.
14. Токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Жалал-Абад облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
15. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөттүн башчысы Н.Исабековго милдеттендирилсин.
16. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М.Жумашевге жүктөлсүн

Төрага Ч.Кадыркулов.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>АКСЫ РАЙОНУ<br>КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АКСЫЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОШ-ДОБОЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

2026-жылдын ___-февралы №1/ Кош-Дөбө айылы

**Кош-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин 9-чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясы**

**ТОКТОМ**

Швейцария Өкмөтүнүн “ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркорпорейшн” Ассосациясынын Кыргыз Республикасындагы филиалы тарабынан жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууда дараметти жогорулатуу долбоору боюнча каржыланып жаткан 810 000 (сегиз жүз он миң) сом акча каражаты Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн тиешелүү эсептик счетуна отургузуу жөнүндө

ТОКТОМ КЫЛАТ

Швейцария Өкмөтүнүн “ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркорпорейшн” Ассосациясынын Кыргыз Республикасындагы филиалы тарабынан жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууда дараметти жогорулатуу долбоору боюнча каржыланып жаткан акча каражатын Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2026-жылга киреше жана чыгаша бюджетик долбооруна кошуп бекитүү жөнүндөгү экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясы 2026-жылдын 29-январындагы №1 корутундусун жана айыл өкмөттүн ФЭБ башчысы К.Муратбековдун маалыматын угуп жана талкуулап чыгып айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Швейцария Өкмөтүнүн “ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркорпорейшн” Ассосациясынын Кыргыз Республикасындагы филиалы тарабынан жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууда дараметти жогорулатуу долбоору боюнча каржыланып жаткан 810 000 (сегиз жүз он миң) сом акча каражаты Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн тиешелүү эсептик счетуна отургузулсун.

2. Хельветас уюму тарабынан каржыланып жаткан долбоорго айыл өкмөттөн өздүк салым катары 390 000(үч жүз токсон миң) сом бөлүнүп берилсин.

3. Токтом айыл өкмөттүн веб-сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Жалал-Абад облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөттүн башчысы Н.Исабековго милдеттендирилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М.Жумашевге жүктөлсүн

Төрага Ч.Кадыркулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**АКСЫ РАЙОНУ**
**КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АКСЫЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КОШ-ДОБОЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

2026-жылдын ___-февралы №1/ Кош-Дөбө айылы

**Кош-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин 9-чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясы**

## ТОКТОМ

Айыл аймактын элинин малын баккан малчылардын жакынкы, алыскы жайыттарга көчүп кетип жана көчүп келүүсү жөнүндө

Айыл аймактын элинин эккен эгиндерин чабандар тепсетип жегизип талкалап жатышкандыктан бир тартипке келтирүү максатында малчылардын жакынкы, алыскы жайыттарга көчүп кетип жана көчүп келүүсү боюнча укук жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиянын 2026-жылдын 29-январындагы №1 корутундусун талкуулап чыгып айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1 Өзүнүн жана элдин малын баккан чабандар жакынкы жайыттарга көчүп чыгуу 10-апрелге чейин, көчүп келүү 15-сентябрдан баштап келишсин.

2 Өзүнүн жана элдин малын баккан чабандар жакынкы жайыттардан алыскы жайыттарга көчүрүү 10-июндан, кайра көчүп келүү 15-сентябрдан болсун.

3 Жайыт сезонунда айылда алып калууга 1 баш кара мал, 1 баш жылкы, кой эчкиге 5 башка чейин уруксат берилсин.

4 Жайыт пайдалануучуларга “жайыт билетинде” көрсөтүлгөн участокторго гана мал жаюуга макулдук берилсин.

5 Эгин талааны тебелеп жеп талкалаган малдарды, кароолчу тарабынан камалган малдарды айыл өкмөттүн бузуулар боюнча комиссиясына кайрылсын мыйзам чегинде каралып чечилсин.

6 Жайыт пайдалануучуларды 10-июнга чейин жакынкы жайыттарда калбастан алыскы жайыттарга көчүрүлсүн.

7 Жалпы айылдык кеңештин сессиясынан бекитип берүү жагы суралсын.

8 Токтом айыл өкмөттүн веб-сайтына жарыялансын.

9 Токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Жалал-Абад облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

10 Бул токтомдун аткарылышы жана ишке ашырылышы айыл өкмөттүн башчысы Н.Исабековго милдеттендирилсин.

11 Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Укук жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Раманкуловго жүктөлсүн.

Төрага Ч.Кадыркулов.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**АКСЫ РАЙОНУ**
**КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АКСЫЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КОШ-ДОБОЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

2026-жылдын ___-февралы №1/ Кош-Дөбө айылы

**Кош-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин 9-чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясы**

# ТОКТОМ

Кош-Дөбө айылдык кеңештин 2025-жылдын 20-августунда кезектеги экинчи сессиясында кабыл алынган №2/1 токтомунун 2-4-пункттарын жокко чыгаруу жөнүндө

Укук жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 31-октябрындагы №5 чечимин талкуулап чыгып айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кош-Дөбө айылдык кеңештин 2025-жылдын 20-августунда кезектеги экинчи сессиясында кабыл алынган №2/1 токтомунун 2-4-пункттарын жокко чыгарылсын.
2. Токтом айыл өкмөттүн веб-сайтына жарыялансын.
3. Токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Жалал-Абад облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Укук жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Раманкуловго жүктөлсүн.

Төрага Ч.Кадыркулов.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>АКСЫ РАЙОНУ<br>КОШ-ДӨБӨ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АКСЫЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОШ-ДОБОЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

2026-жылдын ___-февралы №1/ Кош-Дөбө айылы

**Кош-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин 9-чакырылышынын кезектеги биринчи сессиясы**

## ТОКТОМ

Кош-Дөбө айыл өкмөт башчсынын 2025-жыл ичинде ар тараптуу жүргүзгөн ишинин отчёту жөнүндө

Укук жана мыйзамдуулук, бюджет жана экономика, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиялардын биргелешкен отурумунун 2026-жылдын 2-февралындагы №1 корутундусун жана Н.Аширбековдун баяндамасын угуп жана талкуулап айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кош-Дөбө айыл өкмөттө туруктуу айыл өкмөт башчы болбогондуктан 2025-жылы ар тараптан аткарган ишинин жакшы жүрбөгөндүгү жана төмөнкү кемчилиектер белгиленсин.

   - Айыл өкмөттүн өзүнүн техникаларын ар кимге келишими жок берип жиберилгендиги жана жергиликтүү бюджетке эч кандай акча каражаты түшүрүлбөгөндүгү.
   - Муниципалдык ишкананын таза-сууга жана катуу калдыктарга болгон пландар аткарылбагандыгы.
   - Айыл өкмөттүн киреше бөлүгү салыгы толбогондугу.
   - Кош-Дөбө тазалык муниципалдык ишканасы Кербен тазалык муниципалдык ишканадан жана жумушчулардын соц.фонддон карызынын көбөйүп кеткендиги.
   - Ар кандай уюштуруу иштери жүргүзүлбөгөндүгү.
   - Яма беккера куруу боюнча иштер жүргүзүлбөгөндүгү.

2. Кош-Дөбө тазалык муниципалдык ишканасынын ишин жандандыруу зарыл экендиги эскертилсин.

3. Таза-Сууга жана Таштандыларга болгон тарифтерди мыйзамга ылайык анти манополия менен биргеликте белгилүү суммага келүү боюнча иш аткарылсын.
4. Атана айылынын Байкыштак участкасына мектеп куруунун үстүндө иш алып баруусу зарыл экендиги белгиленсин.

5. Жогорудагы кемчиликтердин үстүндө иш алып баруу аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөттүн башчысы Н.Исабековго милдеттендирилсин.

6. Токтом айыл өкмөттүн веб-сайтына жарыялансын.

7. Токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Жалал-Абад облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары К. Ызановго жүктөлсүн

Төрага Ч.Кадыркулов.